«Макулдашылды»
ООБ.башчысы
Малабекова Ч.С

«Бекитемин»
Байдылда Маленов орто
мектебинин мудуру
Сманалиева Ж.С

**Байдылда Маленов атындагы орто мектебинин**
**Окуучулардын ички тартибинин**
**эрежелери.**

**1. Жалпы Жобосу.**

1.1.Мектептин окуучулардын ички тартибинин эрежелери Кыргыз Рекпубликасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын жана мектептин Уставынын негизинде иштетилип чыкты.

1.2.Мектептин ички тартиби окуучулардын мектептеги, мектептен тышкаркы учурдагы иш-чараларга катышкандагы жүрүм- турумун эрежелерин жана ченемдерин камтыган мектеп ичиндеги ченемдик акт болуп саналат.

1.3.№1 педагогикалык кеңешмеде толуктоолор киргизилген (28.08.2020-жылы)

**Максаты:**

- окуу – тарбия процессин жүргүзүүдө ыңгайлуу шарт түзүү;
- окуу пландарын, окуу программаларын толук кандуу ишке ашыруу;
- тарбиялануучуларга сапаттуу билим берүү;
- толеранттуу, демократиянын принциптерин, Ата Мекенин, айлана-чөйрөнү, ресурстарды коргоого жана сактоого тарбиялоо;
- баланын инсандык сапаттарын калыптандырууга, өз укугун жана бирөөнүн укугун билүү жана сыйлоого;
- өз оюн, өзүнүн көз карашын толук билдирүүгө;
- жүрүм-турум маданияттуулугуна;

**2. Окуучунун милдеттери:**

- мектепке сабак башталардан 15-20 мүнөт эрте келгенге;
- 1- сменде дене тарбия көнүгүүлөрүн 8-10 мүнөт жасаганга;
- окуучулардын формасы ата-энелер ( мыйзамдуу өкүлдөрү) чогулушунда кабыл алган кыздар үчүн жылуу мезгилде форма, фартук, суук түшүп калган мезгилдерде ак кофта ( үстүнө), кара джемпир, алды жактарына кара жылуу шым, буттарына кара бут кийим, эркек балдар үчүн ак көйнөк ( үстүнө), кара джемпир, алды жактарына кара шым,кара бут кийим кийүүгө болот ( дене тарбия сабагында спорттук формасын) кийүүгө;

- окуу кабинетинде окууга керектүү жабдыктарды предметтер боюнча даярдоого;
- мектептин ички тартибин жана жүрүш – турушун сактоо, өзүн маданияттуу алып
жүрүүгө, сабактарга дайыма даяр болууга;
- сабак учурунда окуу процессине терс таасир тийгизип, сабакты үзгүлтүккө учуратууга
жол берилбейт;
- класстан тышкаркы иш-чараларга, мектеп турмушуна активдүү катышууга;
- сабактарда телефон колдонууга болбойт ( мугалимдин гана уруксааты менен телефон колдонсо болот);
- мектепке, сабактарга кечипей келүүгө, сабактардан качып кетүүгө;
- мугалимдер, техперсионалдар жана окуучулар менен өз ара сый мамиледе болууга,
“Сиз” деп кайрылууга;
- сабактарды себепсиз калтырбоого, жүйөлүү себептер менен сабак калтырган учурда класс жетекчиге доктордон справканы берүүгө;
- мектептин ички, сырткы аянтында тазалыкты сактоого;
- мектептин эшик,терезе,эмеректери, жасалгаларына аяр мамиле жасоого;
- мектептин ички, сырткы жашылдануусуна өз салымын кошууга жана аяр мамиле жасоого;- мугалим, администрация берген тапшырмаларды жоопкерчиликтүүлүк менен өз убагында аткарууга;
- мектептин коомдук пайдалуу эмгек процесстерине активдүү катышууга;
- өзүн дайыма тыкан, таза алып жүрүүгө;
- өзүнүн ден соолугуна жана башка бирөөнүн ден соолугуна залал келтирбөөгө;

**Окуучуларга тыюу салынат:**
- сабактан качып кетүүгө;
- өзү каалаган форманы кийүүгө;
- парта, шкаф, терезе, имараттык каражаттарга мектептин чатырына чыгууга;
- мектептин тосмолоруна,терезелерге чыгып отурууга;
- электр точкалары менен ойногонго, техникалык шкафтарды, өрткө каршы шиттерди ачууга болбойт;
- ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, өрт кооптуулугуна алып келүүчү жарылууучу заттарды, пиротехникалык каражаттарды, суусундуктарды ((алкоголь, наркотик,
токсинерди, таблеткаларды,тамеки, насмай) колдонууга ;

- курч куралдарды, предметтерди ( бычак, мык, кастет) колдонууга;
- мектептеги коомдук тартипти, мектептин уставын бузууга;
- окуучунун жана башка бирөөлөрдүн ден соолугуна, өмүрүнө корунуч алып келүүчү ар
кандай буюмдарды колдонууга;
- жаман сөздөр менен сөгүүгө, тилдегенге;
- сабактан кийинки убакта жөн эле мектептин айланасында жүрүүгө;
- мектептин ички жана тышкы аянтында таштанды таштоого, түкүрүүгө;
- өзүнөн кичине болгон окуучуларга психологиялык кысым, салык салуу, рекеттик кылууга;
- көп суммадагы акча каражатын алып жүрүүгө;
- окуучулардын ден соолугуна, өмүрүнө физикалык күч колдонуу, мушташ уюштуруу, ар түрдүү урuштун формаларын колдонууга;
- мектептин техникалык базасына( компьютердик техникаларга, инветарларга), лабораториялык приборлорго, китептерди, карталарды жыртууга;
- мугалимге, окуучуларга, улууларга, ата-энелерине, техникалык персионалдарга оронддогонго, кыйкырганга, жаман сөз менен сөккөнгө, каяша айтууга;

**Окуучуладын сабактагы жүрүш-турушу:**

- сабакка кирүүгө коңгуроо кагылаары менен окуучулар өз ордуларына келип, сабакка тиешелүү каражаттарды даярдоосу керек;
- дежур окуучу мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүгө;
- класстын санитардык абалына ар бир окуучу жооп берүүгө;
- досканы сүртүп, бор, тряпка, карта ж.б. каражаттар менен классты жабдыганга дежур окуучу жооп берет;
- мугалим класска киргенде саламдашуу үчүн окуучулар турушу керек;
- сабакка керектүү курал- жабдыктар, китеп, дептер партанын үстүндө турушу керек;
- сабак жүрүп жатканда окуучулар сабакка көңүл буруп, сүйлөбөй, башка нерсеге алаксыбашы керек;
- мугалим койгон талапты окуучу аткаруусу керек;
- мугалим тапшырманы, класстан жаңы теманы өздөштүрүүнү сураганда окуучу так жооп берүүсү керек;
- окуучу сабакта ойноп отурууга, башка предмет боюнча китеп окуп же жазып отурууга
же ойноп отурууга болбойт;
- жаңы тема боюнча окуучуда суроо болсо, кол көтөрүп, мугалимдин уруксааты менен суроо берсе болот;

- коңгуроо берилгенде мугалимдин уруксааты менен эшикке чыкса болот;
- дене тарбия сабагына спорттук кийим, бут кийими менен кирүүгө болот;
- мугалимдин уруксааты жок спорт залга кирүүгө болбойт;- дене тарбия сабагынан бошотулган окуучу дагы сабак учурунда спорт залда болушу керек;

**Танапистеги окуучунун жүрүм-туруму:**

- танапис учурунда мектептин ичиде, сыртында окуучу өзүн чуркабай, тынч тариптүү алып жүрүшү керек; - коридор,тепкичтерде жүргөндө окуучулар жолдун оң жагында жүрүүсү керек;
- бирөөнүн алдына жол тосуп чыкпашы керек;
- класстан, залдардан, мектептин эшигинен чыгып бара жатканда бирөөнү түртпөй өтүүлөрү керек;
- танапис учурунда дежур окуучу класстын ичин желдетип, тазалыкка, окуучулардын окуу куралдарынын сакталышына жооптуу;
- танапис учурунда даарatканага зарыл болгон учурда баруу жана колун самындап жуу
керек;

**Ашканадагы жүрүш-турушка талаптар( башталгыч жалпы класстар
үчүн):**

- ашканага киргенде колду самындап жууп, арчуу керек;
- ашканада жүрүш-туруш маданиятында өзүн тартиптүү алып жүрүү керек;
- ашканага класс жетекчинин алып баруусу менен гана класс үчүн атайын түзүлгөн
убакытта баруу керек;
- нан, кондитердик ж.б.жасалгаларга этияттык менен мамиле кылуу керек;
- тамактангандан кийин ашпозчуга “ырахмат” деп айтуу керек;

**Мектеп буюмдарынын жана китептердин сакталышы:**

- мектептин буюмдарына (эмеректерге, жасалгаларга, эшик,терезелерге, кол жуугучтарга, гүл челектерге, жуугуч каражаттарга, эшиктеги тосмо, сырткы отургучтарга ж.б.) этияттык менен мамиле кылуу керек;
- эгерде мектептин буюм – тайымдарын бала сындырса же талкаласа ата-энеси ( мыйзамдуу өкүлү) ордун толуктап берүүгө милдеттүү;
- мектептин ичиндеги жана сыртындагы жашылдандырууну сактоого, отургузууга милдеттүү, эгерде сындырса ата-энеси ордун тургузуп берет;

- мектептин китебин окуучу айрыса же жоготсо ата-энеси толуктайт;
- окуучулардын китептери, күндөлүктөрү таза жана сырттaлышы керек ( күндөлүктөрү убагында толтурулуп турушу керек);
- китепти бүктөгөнгө, ручка менен чийгенге, жазууга, сүрөт тартууга болбойт;

**Окуучулардын жүрүш-туруш маданиятына карата талаптар:**

- өзүн, мектепте жана мектептен тышкаркы жерде жүргөндө адептүү, сабырдуу, жайдары болууга;
- тазалык жана тартипти сактоого;
- улуу адамдар, мугалимдер менен сүйлөшүп жаткан учурда колун чөнтөгүнө салып сүйлөшүүгө болбойт;
- сылык болууга, улууларга, досторуна жардам берүүгө;
- мектепке келе жатканда бут кийимин тазалап кирүүгө;
- даараткнага баргандан кийин колун самындап жууганга;
- өздүк санитардык – гигиенасын ( бетин, колун,чачын, тырмактарын) таза алып жүрүүгө;
- таза, тыкан кийинип жүрүүгө; **Массалык иш- чараларга окуучлардын жүрүш-туруштары:**
- мектепте жана мектептен тышкаркы иш-чараларга кечикпестен баруугa;
- эгерде иш-чара башталганча жасалгалоочу иштер болсо, көмөк көрсөтүү керек;
- класс жетекчи көрсөткөн ордунда туруу керек;
- чуркабай, түртүшпөй туруу керек;
- иш-чара жүрүп жаткан учурда сүйлөшпөй, ойнобой, түз туруу керек;
- иш-чара жүрүп жаткан учурда өзү каалган жерге жылып кетүүгө, ордун алмаштырууга, басып жүрүүгө, таштап кетип калууга болбойт;

**Корутунду бөлүк:**

- окуучуларга коюлган талаптар бузулганда тартиптик жана тарбиялык жазалар берилет:
• окуучунун өзүнө 2 жолу эскертүү берүү;
• ата-энесине билдирүү;
• ата-энесин мектепке чакыруу;
• мектептин ички көзөмөлүнө коюу;
• ИДН кызматкерине билдирүү;
• КДДга билдирүү;
- мектептин өзүн-өзү башкаруу уюму тартип бузган окуучуну тартипке чакыруу
максатында төмөнкүлөрдү колдонсо болот:
• класстын полун сүрттүрүү;

• мектептин аянтын тазалоо;

**Мектептин кызматкерлерине квалификациялык талаптар**

Мектептин директору

1.Кызматтык милдети:

-окуу-тарбия процессининин бардык этаптарында жана билим берүүнүн ишмердүүлүгүнүн жылдык жана перспективдүү планын уюштурат;

-мектептин негизги өнүгүү багытын иштетип чыгууну уюштурат жана аткарууну көзөмөлдөйт;

-мамлекеттик жана коомдук уюмдарда мектептин укугун жана кызыкчылыгын көрсөтөт, коргойт;

-педагогикалык кеңешменин жана мектеп китепканасынын ишин жетектейт;

-Кыргыз Республикасында жашаган элдердин жана кыргыз элинин каада- салттарын, мамлекеттик символикаларды үйрөнүү иштерин көзөмөлдөйт;

-окуу планынын мектеп компонентин бекитет жана аткарылышын көзөмөлдөйт;

-окуу-тарбия иштеринин мазмунун жана эффективдүүлүгүн, окуучулардын билим
сапатын, жалпы билим берүүчү программалар жана окуу планынын, мамлекеттик билим берүү сатандарттарынын аткарылышын көзөмөлдөйт;

-окуу-тарбия иштерине жаңы технологияларды киргизүүнү уюштурат;

-окуучулардын класстан класска көчүрүү жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жанаөткөрүү нү көзөмөлдөйт;

-педагогикалык жана техникалык кызматкерлерди тандоону жана кабыл алууну жүргүзөт;

- мектептин кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин ченемдик-укуктук актылардын жана квалификациялык мүнөздөмөнүн негизинде бекитет;

-педагогикалык кызматкерлердин эффективдүү иши, алардын чыгармачылык жана илимий-теориялык өсүшү, педагогикалык эксперименттерди,профессионалдык чеберчилигин жана кайрадан даярдоо иштерине шарт түзөт;

-өзүнүн компетенциясында педагогикалык кызматкерлерди өзгөчөлүгүнүн иши боюнча сыйлыкка көрсөтөт;-мектептин бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди (жалпы негизги билими жөнүндөгү күбөлүктү, жалпы орто билими жөнүндөгү аттестатты) берүүгө,
документтердин бланктарын сактоону камсыздайт;

-педагогикалык коллективдин жана окуучулардын кызыкчылыктарын,укуктарын коргоодогу талаптардын сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү жана текшерет;
-мектептин каржылык-финансылык ишмердүүлүгүнө жооп берет;
-мектептин бюджеттик каражаттарын рационалдуу колдонууну, киреше алып келүүчү ишмердүүлүктү жана каржылоонун жаңы булактарын уюштуруп жана табат;
-Кыргыз Республикасынын мыйзам чегинде мектептин мүлкүн жана башка каражаттарын тескейт;
-мектептин окутуу-материалдык-техникалык базасын уюштуруу, толуктоо,сактоо жана анын окуу-тарбия процессинде эффективдүү колдонуунун эсебин жүргүзүүгө жана камсыздоого жооптуу;
-мектептин ички эмгек тартиби,санитардык-гигиеналык режими, өрткө каршы коргонуу, коопсуздук техникаларынын сакталышы, эмгектин корголушу, персоналдардын жана окуучулардын өмүрүнүн коопсуздугу;
- талаптардын негизинде мектептин документациясын жана өндүрүш кагаздарынын жүргүзүлүшүн камсыздоо жана көзөмөлдөө;
-жергиликтүү мамлекеттик администрация жана айыл өкмөтү жүргүзгөн мектептин капиталдык жана жыл ичинде жүргүзүлүүчү оңдоп-түзүүлөрүн көзөмөлдөөгө;
-мектептин ата-энелер, коомчулук, демөрчүлөр менен иштешин уюштурууга;
2.Билиши керек: Кыргыз Республикасынын Конституциясын,Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү " жана "Мугалимдин статусу жөнүндөгү"мыйзамдарын,"Баланын укугу жөнүндөгү" конвенцияны, Кыргыз Республикасынын окуучуларга билим берүү, тарбиялоо багытындагы мыйзамдарды, педагогика, психология, социологиянын негизи, физиология жана балдардын гигиенасы, дүйнөлүк жана Ата мекендик педагогика жана практика, билим берүүнү башкаруу жана каржылоону,мамлекеттик укук жана функция институттарын,балага билим берүү жана тарбиялоону коомчулукта уюштуруу,педагогикалык этиканын ченемдерин,өрт коопсуздугунун жана коопсуздук эрежелерин.
3.Квалификациялык талаптар: жогорку педагогикалык билими,педагогикалык стажы педагогикалык кызматта 8 жылдан кем эмес, окуу бөлүмү боюнча 3 жылдан кем эмес эмгектенген.
Мектептин директору болуп 30 жаштан жогору жана пенсия курагынан төмөн Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.
Окуу- тарбия боюнча директордун орун басары

1.Кызматтык милдеттери:
-мектептин педагогикалык коллективинин ишмердүүлүгүн уюштурат жана көзөмөлдөйт;
- педагогикалык коллектив менен мектепти өнүктүрүүнүн негизги багытын биргеликте ишке ашырат;
-окуу планы, окуу программаларынын аткарылышына карата педагогикалык кызматкерлердин методикалык иштерин координациялайт жана камсыздайт;
-окуу планындагы мектеп компонентин педагогикалык коллектив менен аткарылышын камсыздайт;
-окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо жаңы технологияларды тере анализдейт жана камсыздайт;
-бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жана окуучулардын класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүүнү уюштурат;
-мектептин маалыматтык блогун толтурат жана абалына жооп берет ( класстардын тизмеси, окуучулардын өздүк делосу, класстык журналдар ж.б.мектеп документациясы отчеттук документтерди өз убагында камсыздайт);
-окуу-тарбия процессинин өнүктүрүүгө өзүнүн сунушун жана окуучулардын билимин объективдүү баалоону жүргүзөт;-педагогикалык кеңешме, методикалык семинарларга активдүү катышат;
-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын үйрөнүү боюнча иштерди уюштурууга, окуучуларды аскердик-мекенчилдик жана нравалык принциптерди, кыргыз элинин жана республикада жашаган башка элдердин каада-салттарын сыйлоонун негизинде тарбиялоо;
-мугалимдердин жана окуучулардын этиканын ченемдерин сактоосун көзөмөлдөйт,
мектептин окуу-тарбия чөйрөсүнүн абалын көзөмөлдөйт;
-мугалимдердин квалификациялык билимин жана кесиптик чеберчилигин жогорулатууну уюштурат;
-окуучулардын социалдык маанидеги жана класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы тарбия иштери боюнча көзөмөл жүргүзөт;
-ата-энелер, коомчулук менен окуу-тарбия ишмердүүлүгүндөгү байланыштарды жүргүзөт;
-балдардын, өспүрүмдордүн кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо,техникалык коопсуздук, өрттөн коргонуу, санитардык-гигиеналык, педагогикалык коллективдин эмгектин корголушу талаптары жана эрежелерин аткарат жана камсыздайт;
-мектептин окуу-материалдык-техникалык базасын толуктайт, сактайт,эсебине жана талаптарынын аткарылышына жооп берет;

-педагогикалык кызматкерлерге методикалык жана уюштуруучулук көмөк көрсотөт, окуу
жылынын ичинде окуучулардын контингентин комплектүү жана сакталышы, билим берүүчү багыттагы иш- чаларды уюштурат;
-окуучулардын жана мугалимдердин медициналык тейлөө абалын козөмөлдөйт;
2.Билиши керек:Кыргыз Республикасынын Конституциясын,Кыргыз Республикасынын
Эмгек кодексин,Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү ", "Мугалимдин статусу жөнүндөгү" мыйзамдарын ж.б. окуу тарбия процессиндеги ченемдик-укуктук актыларды, негизги педагогика, психология, Кыргыз Республикасынын окуучуларга
билим берүү, тарбиялоо багытындагы мыйзамдарды, социологиянын негизи, физиология жана балдардын гигиенасы, дүйнөлүк жана Ата мекендик педагогика жана практика, билим берүүнү башкаруу жана каржылоону, мамлекеттик укук жана функция институттарын,балага билим берүү жана тарбиялоону коомчулукта уюштуруу, педагогикалык этиканын ченемдерин,өрт коопсуздугунун жана коопсуздук эрежелерин.
3.Квалификациялык талаптар: жогорку педагогикалык билими, педагогикалык стажы
5 жылдан кем эмес